*УДК:398.5(575.2)(04)*
*DOI: 10.35254/bhu.2019.47.10*

***Ж.Өмүралиева***
*КР УИАнын илимий кызматкери*

# МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛОВДУН ВАРИАНТЫНДАГЫ “ЖАҢЫЛ МЫРЗА” ЖАНА “КУРМАНБЕК” ЭПОСТОРУНДАГЫ СЮЖЕТТИК ЖАЛПЫЛЫК ЖАНА ЖЕКЕЛИК МАСЕЛЕСИ

# ОБЩНОСТЬ СЮЖЕТОВ И ИНДИВИДУАЛЬНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ЭПОСОВ “ЖАНЫЛ МЫРЗА” И “КУРМАНБЕК” В ВАРИАНТАХ МОЛДОБАСАНА МУСУЛМАНКУЛОВА

# COMMUNION OF STORIES AND INDIVIDUAL EPICS PECULIARITIES «ZHANYL MYRZA» AND «KURMANBEK» IN MOLDOBASAN MUSULMANKULOV’S OPTIONS

***Аннотация:*** *Бул макалада таланттуу манасчы Молдобасан Мусулманкулов кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын жыйналып, кагаз бетине түшүшүнө чоң салым кошкон акын жана кенже эпос айтуучулардын бири. Атап айтсак Молдобасандан “Курманбек”, “Жаныш, Байыш” жана “Жаңыл Мырза” эпостору жазылып алынган. Биз бул макалада манасчынын айтуусундагы “Курманбек” жана “Жаңыл Мырза” эпосторунун поэтикалык жактан маани-мазмунун жана колубуздагы башка варианттардан айырмаланган жекелик сюжеттик жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн илимий аспектиде талдоого аракет кылмакчыбыз. Албетте, бул эпостор тууралуу жазылган илимий эмгектер ондоп саналат жана булар бир нече варианттардын негизинде жалпы талдоого алынган. Ал эми биздин максат – жеке айтуучунун вариантын көтөрүп чыгып, анын вариантындагы салттуулук менен өздүк чыгармачылык маселелерин аныктоо о.э. поэтикасына илимий-практикалык анализ жасоо болуп саналат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Баатырлар, байыркы мурас, Жаңыл Мырза, Курманбек, көөнө мотив, Мусулманкулов,салттуулук жана жекелик.*

***Аннотация:*** *Талантливый манасчы Молдобасан Мусулманкулов является крупным сказителем, внесшим большой вклад в развитие отечественной фольклористики. Он был одним из ярких информаторов первых записей образцов устного творчества кыргызского народа. Из уст Молдобасана Мусулманкулова были записаны эпосы “Курманбек”, “Жаныш, Байыш”, а также “Жаңыл Мырза”. В данной статье дается научный анализ поэтики и художественного языка эпосов “Курманбек” и “Жаңыл Мырза” в исполнении манасчы; рассматриваются традиционные и индивидуальные сюжетообразующие мотивы, иные художественно-поэтические особенности, отличающие творчество Мусулманкулова от других сказителей. Целью настоящей статьи является изучение индивидуальных особенностей сказительского искусства на примере творчества Мусулманкулова, где во главе угла стоят такие проблемы, как традиционность, черты общности и авторский стиль.*

***Ключевые слова:*** *богатырский эпос, древнее наследие, Жаныл Мырза, индивидуалность, Курманбек, Мусулманкулов, стиль, традиционный мотив.*

***Abstract:*** *The talented Manas teller Moldobasan Musulmankulov is an outstanding akyn who greatly contributed to the collection and record of verbal folklore of the Kyrgyz*

*people and one of the story-tellers of small epose. Namely the eposes «Kurmanbek», «Zhanysh, Baiysh» and «Zhanyl Myrza» have been recorded by Moldobasan. In this article we try to analyze scientifically the meaning and content from the poetic side of the eposes «Kurmanbek» and «Zhanyl Myrza» as performed by manas teller, and individual narrative and artistic characteristics different from other versions on hand. Certainly, the scientific papers written of those eposes have been counted by the dozens and based on several versions they have been generally analyzed. Our objective here unlike those papers is to conduct not a general analysis but to raise question on the version of individual story-teller, identify the problem of conventionality and the issues of personal creative work, and conduct the folklore analysis of poetics.*

***Key words:*** *Ancient heritages, Batyrs, individual epics peculiarities, Kurmanbek,Musulmankulov,old motive, Zhanyl Myrza.*

“Жаңыл Мырза” эпосунун КРУИАнын Кол жазмалар бөлүмүндө Байымбет Абдрахманов (Тоголок Молдо) – инв. М.Мусулманкулов – инв. № 497; Ы.Абдрахманов – инв. № 413; А.Чоробаев – инв. № 401 жана Ы.Абдрахмановдун эл арасынан жыйнап келген эки кол жазмасы жалпы төрт варианты сакталып турат. А.Чоробаев, Тоголок Молдо жана Ы.Абдрахмановдордун айтуусундагы эпостун тексттеринде орчундуу айырмачылыктар байкалбайт, негизинен бирдей сюжеттик түзүлүшкө ээ. Ал эми М.Мусулманкуловдун варианты көлөмү, сюжеттик-композициялык жактан окуялардын ырааттуу берилиши жана салттуу эпикалык көөнө формасын сактап калышы жагынан башка айтуучулардын тексттеринен өзгөчөлөнүп турат. Ошондуктан жогорудагы үч айтуучунун тексттеринин ичинен бирөөсүн гана эң эле көлөмдүүсү катары Абдыкалык Чоробаевдин варианты менен Молдобасан Мусулманкуловдун варианттарынын ортосунда талдоо жүргүзүүнү туура көрдүк.

«Жаңыл Мырза» эпосу бүгүнкү күнгө чейин Р.З.Кыдырбаева, Б.Кебекова, А.Жайнакова ж.б. дагы көптөгөн окумуштуу-изилдөөчүлөр тарабынан сюжеттик салыштыруулар менен идеялык-тематикалык, тарыхый жактан, ошондой эле каармандардын образдар системасына, сүрөттөө, баяндоо көркөмдүк өзгөчөлүктөрүнө чейин вертикалдуу жана горизанталдуу илимий анализдер жүргүзүлүп келген. Биздин ишибиз жогорудагы изилдөөчүлөрдүн эмгектеринин ичинен Молдобасан Мусулманкуловдун чыгармачылыгына тиешелүү пикирлерди бир жерге бириктирип иретке келтирүү жана өзүбүздүн жеке көз караштарыбызды илимий фактылар менен далилдөө болуп саналат. Демек, макаланын максаты өздүк жана башка да изилдөөлөрдү талдоо аркылуу айтуучунун кыргыз фольклор таануу илиминдеги ордун аныктоо.

Варианттардагы сюжеттик жалпылыктар төмөнкүлөр: Жаңылдын баатырдык иштерин даңазалоо; Үчүкө менен Түлкүнүн Жаңылдын жылкысына тийиши; Жаңылдын алардан өч алышы; Түлкүнүн кунун куу; Жаңылдын күйөөгө чыгышы; Жаңылдын качышы. Салттуу жалпылыктар белгилүү болгон соң эми сюжеттик жана көркөмдүк өзгөчөлүктөргө токтолуп, бул өзгөчөлүктөрдү салыштырма ыкмада талдоого аракет жасап көрөлү. М.Мусулманкуловдун вариантында “Жаңыл Мырза” эпосу негизинен салттуу эпикалык багытта баатырдыкты даңазалоого көбүрөөк көңүл бурулганы байкалат. Жаңылдын бала кезинен тентек чыгышы, анын эрте эр жетип башкалардан өзгөчөлөнгөн баатырдык турпаты, колдоочуларынын болушу, намыскөй, эр жүрөктүүлүк, шоктук сыяктуу кыял-жоругу артыкча басым менен баяндалат. Жаңыл жаш кезинен эле эли-жерин коргогон баатыр жана көзгө атар мерген катары таанылат. Жанына кырк жигит топтоп, теминишкен душманга теңдигин бербеген, алышканы жоо болуп, атак-даңкы далайга дүң болот. Жаңыл жөнөкөй каарман эмес, ал башкалардан өзгөчөлөнгөн баатырдык сапаттарга ээ жана анын жанында башкаларга көрүнбөй турган эки кыз колдоочусу бар. Баатыр кыздын эрдигине, күчүнө күч кошуп, жеңишке жетишишине түрткү болгон минген аты Казкара.

Ойроттон чыккан кыз болгон,
Жоо жагына уз болгон,
Жолуккан киши жүз болгон,
Баарысы мындан түз болгон,
Колдоочусу кыз болгон,
Түртүшкөн киши түз болгон.
Айтканы тирүү кайтпаган,
Ажалдан Жаңыл качпаган. [1. 280-б.] –

деген саптар Жаңылдын эркектен кем калышпаган баатырдыгын, душманынын үшүн алган сүрүн айгинелеп турат. Молдобасандын вариантындагы Жаңыл Мырзанын баатыр катары образында башка варианттарга салыштырмалуу бир кыйла ачык жана таасирдүү сүрөттөөлөр бар экенин изилдөөчү А.Жайнакова да тастыктайт: “А.Чоробаевдин вариантына караганда чакан айтылган бул вариантта сюжет традициялык мүнөздө болуп, өзүнүн курамында байыркы белгилерди да орошон пайдаланган. Бул көбүнчө башкы каарман Жаңылдын образынын айланасында орун алган. Айтсак баатыр кыздын колдоочулары, Кумайыктын табылышы, портреттик сүрөттөмөлөр чыныгы эпикалык планда апыртылып, жомоктук мүнөздө талкууланат. М.Мусулманкулов белгилүү манасчылардын бири болгондуктан Жаңылдын өзүнө, аны курчаган буюмтайымдарына көбүрөөк эпикалык түр берүүгө аракеттенет” [1. 10-б.]. А.Жайнакованын пикирине улай Жаңыл Мырзанын тайганы тууралуу, иттин кайдан жаралгандыгы жөнүндөгү кенен айтылган сюжетти айта кетели. Бул сюжеттик окуя башка варианттарда кездешпейт. Бир күнү кийикке чыккан Жаңыл дүрбү салып карап отуруп, башы бөрүдөй, канаты жорудай көрүнгөн бир жандыкты көрөт. Бир station аздан соң жору учуп кетет да, ал жерде калган кыбыраган күчүктү таап алат. Жан адамга билгизбей, үйгө киши киргизбей жети күн багып, мойнуна каргы тагып, жыл маалына жеткенде баягы күчүк Баатырдын эң ишенимдүү досу болуп чыгат. Кумайык тууралу айтылган бул салт-

туу сюжет "Манас" эпосунда да берилгенин эске алсак, Кумайыктын жорудан туулгандыгы жөнүндөгү архаикалык мифтин "Жаңыл Мырза" эпосунда орун алышы эпостун байыркылыгынын дагы бир далили.

Мусулманкуловдун вариантында А.Чоробаевдин вариантына салыштырмалуу эпостун жалпы сюжеттик-композициялык турпатынан баатырдык, согуштук иш-аракеттердин жыты жыттанып, духу сезилип турат. Өзгөчө Жаңыл менен Бурхуй баатырдын жекеге чыкканы, эки каармандын бири-бирине ат коюп келе жаткандагы согуш талаасы, атылган жаанын огу, Кыз Жаңылдын көзгө атар мергендик дараметинин күчтүүлүгү курч драматизм менен ошол жерде даана чагылдырылган. Толтосунан кан жайылып, башы кесилип жаткандарды көргөндөрдүн кара жанынан безип качкан сюжеттик сүрөттөөлөр көзгө сайгандай элестүү берилген.

Дүйнөлүк эпостордо да кеңири кездешкен матриархалдык доорго мүнөздүү болгон кыздын жар чакырып, жигиттерди сыноодон өткөрүп, өзү тандаган жигитке турмушка чыгышы жөнүндөгү көөнө мотив Молдобасандын айтуусундагы "Жаңыл Мырза" эпосунда жана "Курманбекте" да трансформацияланган түрдө кездешет. Жаңыл колуна кызыл шакек салат да жекеге чыгып колундагы кызыл шакекти ким манжасынан чыгарып алса ошого турмушка чыгаарын жар салат. Жаңылдын бул сыноосун Түлкүнүн кунун кууп келген Абыл мырза амалдуулук менен аткарып, Жаңыл өзү айткан сөзүнө туруп кыргызга келин болот. Ал эми "Курманбекте" Каухарникин шаарындагы перинин кызы Канышай ак куу кейпинде учуп өзүнө жар издеп жүрүп Курманбекти ылайык деп табат да, жигиттери менен кийик уулап жүргөн Курманбектин жанына келип конот. Ак куу кебин чечип кызга айланган Канышайды Курманбек көрүп жактырып, үйлөнүшөт. Ушул эле сюжеттик мотив Молдобасандын айтуусундагы "Жаныш, Байыш" эпосунда да трансформацияланган түрдө кездешет. Тагыраак айтканда "Жаңыл Мырзада" үйлөнүү тууралуу алгачкы сунуш, каалоо кыз тараптан, "Курманбекте" эки тараптан тең бирдей, ал эми "Жаныш, Байышта" болсо патриархалдык коомдун жыты сезиле баштайт, сунуш жигит тараптан чыгып, кыздарды макул кылдыруунун жеңилдетилген түрү колдонулганы көрүнөт. Бул темага "Жаныш, Байыш" эпосунда да өзүнчө кайрылабыз.

Молдобасандын айтуусундагы "Жаңыл Мырза" жана "Манас" эпосунда Эдиге деген акылман, сөзмөр, чечен жөн билги, эл билги каарманды көрөбүз. Эки эпосто тең Эдиге элдин алдында бара турган жолду чаап, эл коопсуздугу үчүн кызмат кылган, элчиликке жаралган инсан катары ортого чыгат. "Манас" эпосунда Алтайдан Ала-Тоого көчүү алдында Акбалта менен бирге Ала-Тоого аттанган, жер чалып, географиялык жана коомдук тарыхый-социалдык ал-абалды билип келүү үчүн жиберилген элчинин ролунда таанылат. "Жаңыл Мырзада" да нойгут менен кыргыздын ортосунда Түлкү, Үчүкө баштаган төрт баатырдын кунун төлөө маселеси чыкканда Ширдакбектин Бозжоргосун сурап келүү үчүн Эдиге ортого түшүп барат.

Эпостун жыйынтыкталышы тууралуу Р.Кыдырбаеванын илимий көз карашында мындай деп айтылат: "Этот вариант ценен тем, что в нем лучше, чем в других, сохранились следы древности, здесь мало мусульманкуловской правки; чувствуется настоящее народное творчество с присущими ему достоинствами и недостатками" [2. 8-б.]. Бул жерде сөз Жаңылдын өз баласын атып, өлтүрүп таштап кеткендиги жөнүндөгү курч драматизмге чулганган сюжеттик окуя тууралуу уланып жатат.

Бардык варианттарда тең Жаңыл антка бекем, айтылган сөз атылган ок деген принципти кармаган, сөзгө терең маани берген, ар-намыс, абийир, адамкерчиликти баарынан жогору койгон, оозунан чыккан сөз үчүн өлүмдөн да кайра тартпаган чыныгы элдик баатыр. Ал баатырдыгы менен бирге эле аялзатына тиешелүү актык, тазалык, аруулук сыяктуу адамдык сапаттарга да эгедер. Жаңылдын мына ушул сапаттары колундагы шакегин алып кеткен кыргызга өзү келип, бирди төрөп эне болгондон кийин да күнүлөшү Барчакенин өзүнө карата айтылган абийирине, ар-намысына шек келтирген сөзгө арданып, өз баласына да карабай атып салып, качып кеткен сюжеттик эпизоддордо даана көрүнөт. Бала кезинен ат жалында, жаа атып эркин өсүп көнүп калган Жаңылга байбичеден жанагыдай сөз угуу өлүмдөн да катуу эле. Ал убагында өзүнүн бетине эмес, ити Кумайыкка шуркуя, шерменде деп айтканда эле чыдаган эмес, ошон үчүн Түлкү баатырларды отурган ордунда жайлаган. Эми минтип күнүлөшүнөн ошол сөздөр тикелей жүзүнө айтылып жатканына уят, ар-намыс, абийирди өлүмдөн да жогору койгон баатыр кыз көтөрө алган жок. Жаңылдын баарын таштап качып кеткени анын адамдык сапатындагы улуулугун, бул дүйнөнүн көр жемесине, майда-барат, маанисиз, көңүл иренжиткен сөздөрдүн теңи эмес экендигин, аруулугун, бийиктигин түшүндүрөт.

Ал эми баласын да атып таштап качып кеткени эпостун чыныгы баатырдык теманы көтөрүп чыккан чыгарма экенин өтө курч мүнөздө (пафос) далилдейт. Жаңылдын образында кыз болуп кылыктануу, аял болуп жар күтүү жана мээримдүү эне болуп бала багуу сыяктуу аялдык сапаттар кездешпейт. Ал эркектик күчкө, эрк, баатырдыкка, эл четинде жоо бетинде жүрүү сыяктуу адамдык мүнөздөргө ээ. Ошондуктан анын баарынан да эркиндикти, элине кызмат кылууну тандап кеткени эпостун чыныгы баатырдык духун чагылдырат. Ушуга жакын көз карашты З.Р.Кыдырбаева да айткан [2. 19-б.]. Ошондой эле, бул сюжеттик окуянын ушундай курч трагедиялуу аякталышы тууралуу окумуштуу А.Жайнакованын "Мындай жан кечтилик, өтө трагедиялуу чыгарылган бүтүм канчалык оор болсо да, баатыр кыздын образына көлөкө түшүрө албайт. Эпостун түшүнүгүндө тескерисинче, Жаңылдын кайратынын бекемдигин, эрдигин ачууга кызмат кылат" деген ынанымдуу пикири биздин оюбузду толуктайт [1. 9-б.].

Кол жазмалар бөлүмүндө "Курманбек" эпосунун М.Мусулманкуловдун айтуусунда инв. № 57, 73, 324-папкаларда; К.Акиевдин варианты инв. № 470; жана Сарыкунандын, К.Омурзаковдун жазып калтырган тексттери сакталуу.

Эми «Курманбек» эпосунун салттуу сюжеттик окуялары: Курманбектин төрөлүшү жана эр жетиши; үйлөнүшү; өз эли үчүн жасаган баатырдык иш-аракеттери; Курманбектин атасынан ат (Телтору атты) суратышы; Курманбектин түш көрүшү жана түшүн аялына жорутушу; Курманбектин калмактар (Дөлөн хан) менен согушу; Курманбектин жарадар болуп, талаада калышы; Аккандын Курманбекти таап алышы; Аккандын

Курманбектин атасын жазалашы. Мына ушул сюжеттик окуялар Молдобасандын вариантында да сакталат. «Курманбек» эпосунун идеялык-тематикалык жана эпостун жалпы сюжеттик-композициялык түзүлүшү, көркөмдүгү, айтуучулардын импровизациялык таланты, сюжеттик өзгөчөлүктөрү боюнча фольклорист Б.Кебекованын «Курманбек» эпосунун варианттары» деген эмгеги илимий салыштыруулар менен профессионалдык көз караште мыкты иштелген илимий баалуу булак экенин айта алабыз. Изилдөөчү бул эмгегинде М.Мусулманкулов, К.Акиев жана жергеталдык айтуучу М.Каландаровдон жазылып алынган «Курманбек» эпосунун варианттарын илимий талдоого алган. Кебекова бул эмгегинде М.Мусулманкуловдун вариантынын көркөмдүк өзгөчөлүгүн, образдар системасын, окуялардын сүрөттөлүшү, баяндалышы ж.б. жалпы поэтикасы жагынан Акиевдин вариантына салыштырмалуу күңүрт, жеткиликсиз иштелгенин белгилөө менен бирге, изилдөөчү Г.Самарин тарабынан М.Мусулманкуловдун вариантына карата айтылган социалдык-турмуштук эпос деген пикирин четке кагып, тескерисинче бул вариант баатырдык эпоско көбүрөөк жакын экенин туура белгилеген [3. 6-б.]. Реалдуу алып караганда чынында эле, Молдобасандын айтуусундагы «Курманбек» эпосу эл арасынан фольклор чогултуу ишинде эң алгачкылардан болуп жазылып алынгандыгы жана өзүнүн сюжеттик байыркы формасы менен гана айырмаланбаса, К.Акиев жана С.Дыйканбевдин айтууларына салыштырмалуу импровизациялык, сюжеттик көркөмдүк деңгээли, мазмуну, окуяны баяндоодо ойдун ырааттуу өнүгүшү, образдардардын толук ачылышы жагынан аксаганы көрүнүп турат. Тактап айтканда, эпос айтуучу тарабынан тыкыр каралып жеткиликтүү иштелген эмес. Бул, үч айтуучунун варианттарын окуп салыштырган кезде даана байкалат. Баштаганда эле Мадалкан падышанын аялы жан-жөкөрлөрү менен токойдо сейилдеп жүрүп, арыраакта кийик эмгизип жаткан баланы көрүп калып, баланы тиги аялдарга өзүм туудум деп көрсөтүшү реалдуулуктан абдан эле алыстап кеткен. Аял өзүм туудум дебей эле таап алдым деп алып келсе баатырдык эпостун мотивирофкасына жакындашат эле. Өзүм туудум дегени деги эле, реалдуу да мифтик да түшүнүккө дал келбейт. Андан сырткары эпостун кульминациялык чегинин жеткен жери болуп эсептелген ата менен баланын ортосундагы карама-каршылыктын күчөгөн жери атасынын Курманбекке ат бербей коюшунун себептери да бул вариантта толук ачылбай калган. Бул окуяга чейинки атасы менен баланын ортосундагы конфликттин өсүп-өнүгүшүнө алдын ала эч кандай даярдык көрүлбөйт, б.а. эки айры көз караш, пикир келишпестиктер айтылбастан туруп эле бир күнү Курманбек калмакка барам деп атасынын атын сурatса атасы каргап, атын бербей коёт. Натыйжада окуялардын ортосундагы композициялык улашым солгундап, ошондой эле мындай абал каармандардын образдарынын туура талданышына да жолтоо болот. Мындай толук иштелбеген сюжеттик окуялар окурманга, өзгөчө жаш окуучуларга түшүнүксүз жагдай жаратышы толук мүмкүн. Молдобасандын вариантындагы оң жана терс жактарын Б.Кебекова жогорудагы эмгегинде толук ачып берген. Бул боюнча биз да кайра кайталап отуруунун кажети жок деп ойлойбуз.

Ал эми жалпы сюжеттик-композициялык түзүлүшү жагынан алып караганда Молдобасандын айтуусундагы бул эпосто тигил эки айтуучунун айтуусунан айырмаланып турган айрым сюжеттик өзгөчөлүктөр жана көөнө сюжеттик мотивдер да жок эмес. Мисалы, Курманбек кайыптан табылган бала, аны Мадалкан падышанын аялы токойдо бир аркар эмгизип жаткан жеринен таап алат. Бул мотив башка варианттарда кездешпейт. Жана дагы Курманбектин жылдап эмес, күн санап тез өскөн бала чагы жана эр жетишин ар бир жашында кандай адамдык сапаттарга ээ болуп, эмне иштерди жасаганын бирден баштап он үчкө чейин саноо эпикалык стили менен сүрөттөйт. Мисалы:

Биринде пирге кол берген,  
Экисинде кудайым  
Эгем сүйүп, жол берген...  
Жашы төрткө чыкканда,  
Насаат уккан чалдардан...  
Тогузга жашы толгондо,  
Топ жыйынды бийлеген... [4. 35-б.] –

деп он экиге чыгып айылдагы ойногон балдарды сабаганы, он үч жашында күчкө толуп бышып жетилгени айтылат. Курманбектин кайыптан туулуп, эрте эр жетип, тентек чыгышы, перинин кызына үйлөнүшү, негизги каармандын курал-жарактарынын сүрөттөлүшү, согуштук эпизоддордун атайын бөлүмчөлөр менен берилиши Молдобасандын вариантын байыркы баатырдык чыгармага жакындаштырат. Бул тууралуу айтылган окумуштуулар Б.Кебекова жана К.Асаналиевдердин илимий пикирлери колдоого татыктуу.

Жыйынтыктап айтканда, Мусулманкуловдун бизге жаздырып калтырган “Жаңыл Мырза” жана “Курманбек” эпосторунун варианттарынын баалуулугу мында диний ишенимдердин жана архаикалык сөздөрдүн, көөнө мотивдердин К.Акиев ж.б. айтуучуларга салыштырмалуу көп сакталышы болуп эсептелет. Ушул жерде чыгаан фольклорист Р.Кыдырбаеванын “Жаңыл Мырза” эпосу тууралуу “Вариант Мусульманкулова во многом расходится с вышеуказанными вариантами (*А.Чоробаев, Тоголок Молдо, Ы.Абдрахмановдордун варианттарын айтып жатат – Ж.Ө.*), у него эпос “Жаңыл Мырза”, как нам кажется, сохранился в более древней форме; в этом варианте в большей мере сохранились эпические традиции; поэтому указанный эпос является ценным материалом для исследователя, для выяснения истории бытования эпоса вообще”, – деген пикирин берүү ашыкча болбос [2.6-б.]. Демек, Мусулманкуловдун айтуусундагы эпостор илимпоздор үчүн табылгыс байлык экендиги шексиз.

***Адабияттар***


*1. Жаңыл Мырза. Эл адабияты сериясы. IX том. /Түз.: А.Жайнакова, Айгүл Качкынбай кызы. – Б.: Аврасия Пресс – 2015. 367 б.*

*2. Кыдырбаева Р.З. Народно-поэтические традиции в эпосе “Жаңыл Мырза”. – Ф., Изд-во АН Киргизской ССР. – 1960, – С. 48.*

*3. Кебекова Б. “Курманбек” эпосунун варианттары. – Ф.: “Кыргыз ССР илимдер академиясынын басмасы” – 1961, 63 б.*

*4. Курманбек. “Эл адабияты” сериясы. V том. /Түз.: А.Акматалиев, Б.Кебекова, Р.Сарыпбеков, М.Мукасов, О.Ахмедов, Ж.Өмүралиева. – Б.: “Аврасия Пресс” – 2015, 456 б.*